**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

# Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13- 1 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн карoo жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылынын М.Калыков көчөсүнүн тургуну Алимжан уулу Руслан Октябрь айылындагы № 828 контурундагы жер тилкесинен 0,20 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук сурап жазган арызы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алынып, КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылындагы №828 контурундагы жер тилкесинен 0,20 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылындагы №828 контурундагы жер тилкесинен 0,20 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

**Т О К Т О М**

19.11.2025-жыл № 13-2 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Достук айыл өкмөтүнүн тургуну Акматалиев Русланбек С.Юсупова айыл аймагына караштуу Көк-Сарай участкасынын №70 контурундагы жайыт жеринен 1,0 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук сурап жазган арызы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алынып, КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагына караштуу Көк-Сарай участкасынын № 70 контурундагы жайыт жеринен 1,0 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл аймагына караштуу Көк-Сарай участкасынын № 70 контурундагы жайыт жеринен 1,0 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

ТОКТОМ

19.11.2025-жыл № 13-3 Араван айылы

**Айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААК аркылуу лизинг менен SHACMAN 14м3 техникасын сатып алуу жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААК аркылуу лизинг менен айыл өкмөтүнө таштандыларды ташып чыгаруучу SHACMAN 14 м3 техникасын сатып алуу жөнүндөгү билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши
**токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААК аркылуу лизинг менен таштандыларды ташып чыгаруучу SHACMAN 14 м3 техникасын жалпы баасы 6 миллион 500 миң сомго жылдык 11 пайыздык үстөк менен 5 жылдык мөөнөт менен сатып алуу макулдук берилсин.
2. Лизингдин жалпы баасынан 10 пайыз өлчөмүндө, С.Юсупова айыл өкмөтүнүн өздүк салымы кошулушуна макулдук берилсин.
3. Айыл өкмөтүнө лизинг жолу менен алынган техниканы бажы жагынан жол жоболоштуруу, каттоо, лизингди бүткүл мөөнөтүндө камсыздандыруу жана башка чыгашаларды каржылоо жагы тапшырылсын.
4. “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААК менен лизинг келишимине жана ага байланыштуу документтерге кол коюу укугу С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго ыйгарылсын.
5. Лизинг боюнча төлөмдөр 5 жыл аралыгында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен төлөнсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-4 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүндөгү эскилиги жеткен таза суу түтүктөрүн алмаштырууга Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүндөгү эскилиги жеткен таза суу түтүктөрүн алмаштырууга жалпысынан 3 миллион сомдук долбоор жазылып, анын 450 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, калган 2 миллион 550 миң сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан С.Юсупова айыл аймагынын Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүндөгү эскилиги жеткен таза суу түтүктөрүн алмаштырууга 2 миллион 550 миң сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 450 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Октябрь айылынын Кызыл-Аяк көчөсүндөгү эскилиги жеткен таза суу түтүктөрүн алмаштыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан керектелүүчү акча каражатын ажыратуу үчүн тиешелүү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-5 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Сүткор айылынын Токтогул көчөсүндө жайгашкан А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга Араван райондук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Сүткор айылынын Токтогул көчөсүндө жайгашкан А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга жалпысы 2 миллион 992 миң 348 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 1 миллион 500 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, Араван райондук өнүктүрүү фондунан 1 миллион 492 миң 348 сом акча каражатын бөлдүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши
**токтом кылат:**

1. Араван райондук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Сүткор айылынын Токтогул көчөсүндө жайгашкан А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга 1 миллион 492 миң 348 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 1 миллион 500 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу боюнча керектелүүчү акча каражатын ажыратууга Араван райондук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-6 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жаннат көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жаннат көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ош облустук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жаннат көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө 12 миллион 210 миң 270 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл аймагындагы Каррак айылынын Жаннат көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө керектелүүчү акча каражатын ажыратууга Ош облустук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-7 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын М.Закиров көчөсүнүн жолуна 1050 метр асфальт төшөөгө Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын М.Закиров көчөсүнүн жолуна 1050 метр асфальт төшөөгө жалпысы 7 миллион 888 миң 610 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 2 миллион 440 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, 1 миллион 500 миң сом акча каражаты айыл тургундарынын салымы, калган 3 миллион 948 миң 610 сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан айыл аймагынын Каррак айылынын М.Закиров көчөсүнүн 1050 метр жолуна асфальт төшөөгө 3 миллион 948 миң 610 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 2 миллион 440 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Айыл тургундарынын салымы 1 миллион 500 миң сом болуп белгиленсин.
4. Жогорудагы долбоорду мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-8 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын Октябрь айылындагы Навбахар көчөсүнүн жаңы көрүстөнүнүн жолуна 500 метр асфальт төшөөгө Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) грантар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылынын Навбахар көчөсүнүн жаңы көрүстөнүнүн жолуна 500 метр асфальт төшөөгө жалпысы 4 миллион 513 миң 415 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 680 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, калган 3 миллион 833 миң 415 сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан Октябрь айылынын Навбахар көчөсүнүн жаңы көрүстөнүнүн жолуна 500 метр асфальт төшөөгө 3 миллион 833 миң 415 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 680 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Жогорудагы долбоорду мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-9 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан С.Шарипов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан С.Шарипов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга жалпысы 4 миллион 163 миң 309 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 626 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, калган 3 миллион 537 миң 309 сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши
**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан С.Шарипов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга 3 миллион 537 миң 309 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 626 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Жогорудагы долбоорду мыйзам чегинде ишке ашырууга айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-10 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын М.Содиков көчөсүнүн жолуна 1700 метр аралыгына асфальт төшөөгө Кыргыз Республикасынын бюджетинен 14 миллион 955 миң сом акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын М.Содиков көчөсүнүн жолуна 1700 метр аралыгына асфальт төшөөгө Кыргыз Республикасынын бюджетинен 14 миллион 955 миң сом акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджетинен Каррак айылынын М.Содиков көчөсүнүн жолуна 1700 метр аралыгына асфальт төшөөгө 14 миллион 955 миң сом акча каражатын суралсын.
2. Каррак айылынын М.Содиков көчөсүнүн жолуна 1700 метр аралыгына асфальт төшөөгө тийиштүү болгон долбоордун иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Жогорудагы долбоорду мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-11 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Ибн-Сино көчөсүндө жайгашкан А.Навои атындагы орто мектебинин капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Ибн-Сино көчөсүндө жайгашкан А.Навои атындагы орто мектебинин капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджетинен С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Ибн-Сино көчөсүндө жайгашкан А.Навои атындагы орто мектебинин капиталдык оңдоого акча каражаты суралсын.
2. Араван айылынын Ибн-Сино көчөсүндө жайгашкан А.Навои атындагы орто мектебинин капиталдык оңдоого тийиштүү болгон долбоордун иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Жогорудагы А.Навои атындагы орто мектебинин капиталдык оңдоосун мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

ТОКТОМ

19.11.2025-жыл № 13-12 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан №112 кесиптик лицейинин имаратынын капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан №112 кесиптик лицейинин имаратынын капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджетинен С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан №112 кесиптик лицейинин имаратынын капиталдык оңдоого акча каражаты суралсын.
2. Каррак айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан №112 кесиптик лицейинин имаратынын капиталдык оңдоого тийиштүү болгон долбоордун иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Жогорудагы Каррак айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан №112 кесиптик лицейинин имаратынын капиталдык оңдоосун ишке ашырууга мыйзам чегинде айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-13 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылында жайгашкан Манас атындагы орто мектебинин имаратынын капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылында жайгашкан Манас атындагы орто мектебинин имаратын капиталдык оңдоого Кыргыз Республикасынын бюджетинен акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджетинен С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылында жайгашкан Манас атындагы орто мектебинин имаратынын капиталдык оңдоого акча каражаты суралсын.
2. Айыл аймагынын Октябрь айылында жайгашкан Манас атындагы орто мектебинин имаратынын капиталдык оңдоого тийиштүү болгон долбоордун иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Жогорудагы Октябрь айылында жайгашкан Манас атындагы орто мектебинин имаратынын капиталдык оңдоосун ишке ашырууга мыйзам чегинде айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы, башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

# Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-14 Араван айылы

**Араван айылынын М.Султанов көчөсүнүн тургуну Абдурахманов Иброхимдин Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 950,0 чарчы, метр турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын коммерциялык (соода сатык) дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызын кароо жөнүндө**

Араван айылынын М.Султанов көчөсүнүн тургуну Абдурахманов Иброхимдин Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 950,0 чарчы, метр турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын коммерциялык (соода сатык) дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, депутаттардын сунуш пикирлери эске алынып, Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоо, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган объекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндөгү 2024-жылдын 10-майындагы №240 жобосуну жана Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 12-18-беренелерин жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван айылынын М.Султанов көчөсүнүн тургуну Абдурахманов Иброхимдин Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 950,0 чарчы, метр турак жай багытындагы жер тилкесинин ичинен 825,4 чарчы, метр жер тилкесинин багытын коммерциялык (соода сатык) дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Араван айылынын М.Султанов көчөсүнүн тургуну Абдурахманов Иброхимдин Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 950,0 чарчы, метр турак жай багытындагы жер тилкесинин ичинен 825,4 чарчы, метр жер тилкесинин багытын коммерциялык (соода сатык) дүкөнү багытына өзгөртүп берүүдө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесин багытын өзгөртүрүп берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-15 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын Каррак айылындагы Х. Абдуллаев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) грантар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Х.Абуллаев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө жалпысы 2 миллион 880 миң 475 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 435 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, калган 2 миллион 445 миң 475 сом акча сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин алдындагы дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан Каррак айылынын Х.Абдуллаев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө 2 миллион 445 миң 475 сом акча сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 435 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Жогорудагы долбоорду мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

ТОКТОМ

19.11.2025-жыл № 13-16 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жамий көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жамий көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө жалпысы 5 миллион 497 миң 237 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 497 миң 237 сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен, калган 5 миллион сом акча каражатын Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ош облустук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Каррак айылынын Жамий көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө 5 миллион сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 497 миң 237 сом акча каражатын ажыратылышына макулдук берилсин.
3. Айыл аймагындагы Каррак айылынын Жамий көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөдө Ош облустук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-17 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагындагы Эрке Кашка айылынын С.Юлдашев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Эрке Кашка айылынын С.Юлдашев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө жалпысы 8 миллион 500 миң сомдук долбоор жасалып, Ош облустук өнүктүрүү фондунан 8 миллион 500 миң сом акча каражатын бөлдүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ош облустук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Эрке Кашка айылынын С.Юлдашев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөгө 8 миллион 500 миң сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл аймагындагы Эрке Кашка айылынын С.Юлдашев көчөсүнүн жолуна асфальт төшөөдө Ош облустук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3 . Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы

# Т О К Т О М

19.11.2025-жыл № 13-18 Араван айылы

**Араван районунун “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасынын жетекчиси С.С.Масардиновдун айыл өкмөтүнүн борборунда жайгашкан көп кабаттуу үйлөрдүн тургундарынын баатирлерин жылуулук менен камсыз кылууда Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан эскилиги жеткен откананы жаңыдан куруу үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү билдирүүсүн карoo жөнүндө.**

Араван районунун “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасынын жетекчиси С.С.Масардиновдун айыл өкмөтүнүн борборунда жайгашкан көп кабаттуу үйлөрдүн тургундарынын баатирлерин жылуулук менен камсыз кылууда Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан эскилиги жеткен откананы жаңыдан куруу үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү жөнүндөгү билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ош облустук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан эскилиги жеткен откананы жаңыдан куруу үчүн 19 миллион 500 миң сом акча каражаты суралсын.
2. С.Юсупова айыл аймагындагы Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан эскилиги жеткен откананы жаңыдан куруу үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына тапшырылсын.
3 . Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасынын жетекчиси С.С.Масардиновго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**